## ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДЕР

**УДК 37.014.5**

# МЕКТЕПТИК ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУН ДОЛБООРЛОО: КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ
# ПРОЕКТИРОВАНИЕ СОДЕРЖАНИЯ ОБЩЕГО ШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ: СОСТОЯНИЕ И БУДУЩЕЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ
# DESIGNING THE CONTENT OF SCHOOL GENERAL EDUCATION: STATUS AND FUTURE IN KYRGYZSTAN

**Абакир Мамытов,**
**Кыргыз билим берүү академиясы.**
**Abakir.mamytov@mail.ru**

**Аннотация.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024 жылдын 15 марттагы чечиминин негизинде мектептик жалпы билим берүүнү 12 жылдык системага трансформациялоо демилгеленди. Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан дүйнөдөгү бир катар алдыңкы тажрыйбаларды талдоонун негизинде билим берүүнүн жаңы концепциясы иштелип чыкты жана учурда мектеп билиминин мазмунун долбоорлоо жумушу колго алынды. Ага байланыштуу макалада соңку мезгилде колдонулуп келе жаткан мектеп билиминин мамлекеттик билим берүү стандартынын методологиялык өзгөчөлүктөрү талданды жана жаңы муундагы стандартты иштеп чыгуу боюнча бир катар сунуштар берилди. Сунуштардын өзөгүн мектептик жалпы билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжалардын курамын өзгөртүү, негизги басымды окуучуга тарбия берүүгө, анын жеке инсандык өнүгүүсүн камсыз кылууга жана XXI кылымда олуттуу роль ойноочу компетенцияларды калыптандырууга басым жасоо түздү. Бул өңүттө Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамында (2023-жыл), “Кыргыз жараны” атуулдук иденттүүлүктү калыптандыруу Концепциясында (2023-жыл) жана Манастын жети осуятында каралган баалулуктар, түшүнүктөр, алардын аныктамалары жана талаптары мүнөздөлдү. Жогоруда белгиленген аргументтерди жетекчиликке алуу менен мектептик жалпы билим берүүнүн жаңы мазмунун долбоорлоонун жолдору көрсөтүлдү.

**Ачкыч сөздөр:** *мазмун, күтүлүүчү натыйжа, негизги баалуулук, компетентүүлүк.*

**Аннотация.** На основании решения Кабинета Министров КР от 15 марта 2024 года инициирован перевод общего школьного образования на 12-летнюю систему. На основе анализа ряда ведущих мировых практик Министерством образования и науки разработана новая концепция образования и проведена работа по проектированию содержания школьного образования. В связи с этим в статье проанализированы методологические особенности государственного образовательного стандарта школьного образования, действующего в последнее время, и дан ряд рекомендаций по разработке стандарта нового поколения. Суть предложений заключалась в изменении состава ожидаемых результатов общего школьного образования, сосредоточении внимания на обучении учащегося, обеспечении его личностного развития, формировании компетенций, играющих значимую роль в XXI веке. В этой связи были охарактеризованы ценности, понятия, их определения и требования, предусмотренные в Законе КР «Об образовании» (2023 г.), Концепции формирования гражданской идентичности «Гражданин Кыргызской Республики» (2023 г.) и семи заповедях «Манас». Руководствуясь изложенными выше аргументами, были показаны пути проектирования нового содержания общего школьного образования.

**Ключевые слова:** содержание, ожидаемый результат, основная ценность, компетентность.

**Abstract.** Based on the decision of the Cabinet of Ministers of the Kyrgyz Republic dated March 15, 2024, the transformation of general school education into a 12-year system was initiated. The Ministry of Education and Science has developed a new concept of education based on an analysis of a number of world best practices and is currently working on designing the content of school education. In this regard, the article analyzes the methodological features of the state educational standard of school education that has been used recently and makes a number of proposals for developing a new generation of standards. The core of the proposals is to change the composition of expected results in general school education, to focus on educating the student, ensuring his personal development, and on the formation of competencies that play a significant role in the 21st century. In this regard, the values, concepts, their definitions and requirements provided for in the Law of the Kyrgyz Republic “On Education” (2023), the Concept of Formation of Civic Identity “Kyrgyz Citizen” (2023), and the Seven Commandments of Manas were characterized. Guided by the arguments set out above, ways of designing a new content of general school education were shown.

**Keywords:** content, expected result, core value, competence.

Кыргызстанда билим берүү системасын 2024-2026- жылдарга карата өнүктүрүү максатында мамлекеттик “Алтын казык” программасы кабыл алынган [1]. Аталган программада мектепке чейинки билим берүүнү олуттуу жакшыртуу, мектептик жалпы билим берүүнү 12 жылдык системага трансформациялоо, жаңы муундагы заманбап билим берүү стандарттарын, окуу программаларын, окуу китептерин иштеп чыгуу аркылуу мектеп билиминин мазмунун калыптандыруу, мугалимдерди даярдоо жана алардын адистик квалификациясын жогорулатуу ж.б.у.с. олуттуу багыттар камтылган. Учурда мектепке чейинки жана мектептик жалпы билим берүүнүн мазмунун долбоорлоо максатында мамлекеттик стандарттарды иштеп чыгуу Кыргыз билим берүү академиясынын базасында тийиштүү иш-аракети орун алууда [2].

Тарыхый көз караштан алганда Кыргызстандагы мектептик жалпы билим берүүнүн мазмуну билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга, ал эми 2015-жылдан баштап компетенттүүлүктү калыптандыруу методологиясына негизделип долбоорлонуп келе жатканы белгилүү. Ага байланыштуу соңку мезгилдеги илимий-педагогикалык негиздерди калыптандырууда компетенттүүлүктү калыптандыруу методологиясы басымдуу роль ойноп келе жатат [3]. Компетенттүүлүккө негизделген мектептик жалпы билим берүүнүн алгачкы мамлекеттик стандарты 2014-чү, учурда аракетте болуп жаткан варианты 2022-жылы иштелип чыккан жана расмий ишке киргизилген [4].

Соңку документте мектептик жалпы билим берүүнүн максаты “туруктуу өнүгүүгө жана бардыгы үчүн өмүр бою билим алуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө керектүү болгон билимдерди жана компетенттүүлүктү окуучулар алуу үчүн сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу”, – деп аныкталган [4, 6 бет]. Ал эми билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжа негизги (маалыматтык, социалдык-коммуникациялык жана өзүн өзү таануу, көйгөйлөрдү чечүү) жана предметтик компетенттүүлүктөр катары мүнөздөлгөн жана алардын репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлдерде калыптанышы каралган.

Биздин оюбузча, билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжа толук кандуулуктан алыс жана терең ойлонууну талап кылат. Мындай тыянак, мыйзамдык жана илимий-педагогикалык негизги түшүнүктүн мазмунуна дал келбейт. Сөз Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамында билим берүү түшүнүгүнүн аныктамасы жөнүндө жүрүп жатат. Ага ылайык “билим берүү – адамдын, үй-бүлөнүн, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгында жүзөгө ашырылуучу окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн бирдиктүү максаттуу процесси, ошондой эле алынган билимдердин, көндүмдөрдүн, баалуулуктардын жана компетенциялардын жыйындысы” катары мүнөздөлөт деп баса белгиленген [5, 1-чи берене]. Аныктамада билим берүүнүн миссиясы окутуу менен чектелбестен, окуучуга ар тараптуу тарбия берүү жана анын өнүгүүсүн камсыз кылуу жөнүндө жүрүп жатканын көрүүгө болот. Ага байланыштуу, мектептик жалпы билим берүүнүн мазмунун долбоорлоодо күтүлүүчү натыйжанын курамын башка тартипте, мүмкүн үч деңгээлде мүнөздөө сунушун беребиз.

Биринчи деңгээлди **борбордук баалуулук** (күтүлүүчү натыйжа) катары таанып мектеп окуучуларына адамзаттык баалуулуктарга негизделген тарбия берүү иретинде коюлушу зарыл

деп эсептейбиз. Анткени, мектеп окуучусунун өзүн кыргыз жараны катары кабыл алуусуна жетишүү, анын ишенимин, көз карашын жана жүрүм-турумун калыптандыруу коомубуз үчүн олуттуу роль ойнойт. Мындай талап 2021-2026-жылдарга карата кабыл алынган "Кыргыз жараны" концепциясында баса белгиленген, тактап айтканда "граждандык иденттүүлүктү калыптандыруу" милдети билим берүү уюмдары үчүн коомдук буйрутма катары көрсөтүлгөн [6, 1-чи берене]. Ага байланыштуу, мектептик жалпы билим берүүнүн мазмунун долбоорлоодо бир катар баалуулуктарды жетекчиликке алуу зарыл деп эсептейбиз. Алардын курамын төмөндөгүдөй мүнөздөйбүз:

- билим берүүнүн мазмунунда "тең укуктуулукту даңазалоо, ар бир окуучунун жана башка окуучулардын баалуу экендигин урматтоо, толеранттуулукту, граждандык биримдикти, баалуулуктардын ар түрдүүлүгүн, окуучунун жеке өзүнө, үй-бүлөсүнө, коомчулукка карата милдеттерин сезип, аларды чын дили менен аткаруусуна жетишүү;
- окуучунун туруктуулукка негизделген эмоционалдык күчүн, тырышчаактыгын, эр жүрөктүүлүгүн, оптимисттик көз карашын жана кыйынчылыктарга туруштук берүү дараметин калыптандыруу;
- окуучунун ак ниеттүүлүгүн, чынчылдыгын, коомдук моралдык- этикалык нормаларды сактай билүүсүн, өз пикирин ачык айтууга жана коргоого эрки жетүү сапаттарын тарбиялоо;
- камкордукка негизделген үлгүлүү жүрүм-турумга ээ болууга, боорукердик сезимди көрсөтүп, окуучунун коомду жакшыртууга жеке салымын кошууга даярдоо.

Жогоруда белгиленген баалуулуктар кыргыз элинин улуттук маданиятына, нарк-насилине мүнөздүү жана Манастын жети осуятында каралган. Алар эл журттун ажырагыс бүтүндүгүн, ички биримдигин, улут аралык ынтымагын, достугун, кызматташтыгын, улуттук ар-намысты, атуулдук ариетти, арыбас мээнетти, алдыңкы өнөр-билимге негизделген бакыбат дөөлөткө умтулууну, гуманизмди, айкөлдүктү, кечиримдүүлүктү, табият менен таттуу мамиледе болууну, кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоону жана аны көздүн карегиндей сактоону талап кылаары жалпы коомчулукка белгилүү [7].

Экинчи деңгээлди **социалдык-эмоционалдык деңгээл** катары таанып мектеп окуучусунун башка адамдар менен өз ара мамиле түзүү жана өзүнүн эмоционалдык абалын башкаруу жөндөмүн калыптандыруу процесси катары каралышын сунуштайбыз. Мындай сунуш заманбап илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларына жана эл аралык алдыңкы тажрыйбалардын анализине негизделет. Биздин оюбузча күтүлүүчү натыйжа окуучунун өзүн өзү билүү жана башкаруу, жоопкерчиликтүү чечим кабыл алуу, социалдык аң-сезимдерин жана коомдо орун алуучу мамилелерди башкаруу компетенцияларына ээ болуу менен байланышта болушу шарт.

Үчүнчү деңгээлди кеңири маанидеги **коомдук талаптар** деңгээли катары таанып мектеп окуучусунун тез өзгөрүп турган, санариптештирилген жана бири-бири менен өз ара байланыштагы чөйрөдө жашап, окуп жана иштеп жаткан маалда, мектепте жана анын тышында ийгиликтерге жетишүүгө мүмкүндүк берген компетенцияларын калыптандыруу катары кароону сунуштайбыз. Мындай сунуш көптөгөн илимий-териялык изилдөөлөрдүн тыянактарында белгиленген мектептик жалпы билим берүүнүн күтүлүүчү натыйжасы катары мүнөздөлүшүнө жана аларды XXI кылымдын компетенциялары катары таанылышына негизделет. Алар сынчыл, ар кандай шарттарга ыңгайлашкан жана стандарттан тыш ой жүгүртүү; коммуникация, кызматташуу жана маалымат менен иштөө көндүмдөрү; жарандык, глобалдык жана маданияттар аралык сабаттуулук катары таанылат.

Жогоруда белгиленген негизги баалуулуктар жана компетенциялар мектептик жалпы билим берүүнүн күтүлүүчү натыйжаларын төмөнкүдөй багытта мүнөздөөгө негиз болот:

- өзүнө ишенген, жашоого кызыккан, жакшылык менен жамандыкты бекем түшүнгөн, ыңгайлашкан жана жашоого туруктуу, өзүн жана кырдаалды баалай билген, көз карандысыз, сынчыл ой жүгүрткөн, жемиштүү баарлашкан окуучуну тарбиялоо;
- өзүнүн окуусу үчүн жоопкерчиликтүү, изденүүчү, ой жүгүртүүгө жөндөмдүү жана өмүр бою максаттуу окууга умтулган бүтүрүүчүнү даярдоо;
- эмпатияга жөндөмдүү, натыйжалуу кызматташууга ачык, командада иштөөгө демилгелүү, тайманбастык жана жоопкерчилик менен тобокелчиликке барган, ойлоп табуучулукка жана мыктылыкка умтулган активдүү окуучуну тарбиялоо;

- Кыргыз Республикасына берилген, жарандык аң-сезими жогору, өз үй-бүлөсүнүн, коомдун жана өлкөнүн алдында жоопкерчиликтүү болгон жана башка адамдардын жашоосун жакшыртууга активдүү катышкан кайдыгер эмес окуучуга жетишүү.

Жогоруда белгиленген сунуштарга жана аргументтерге олуттуу мамиле жасоо жана мамлекеттик билим берүү стандартын иштеп чыгууда колдонуу Кыргызстандагы мектептик жалпы билим берүүнүн жаркын келечегин түптөйт деген ишеним артууга негиз берет.

Адабияттардын тизмеси

1. Решение Кабинета Министров КР о переводе школ Кыргызстана на 12-летнее обучение от 15 марта 2024 года.
2. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы жана мектепке чейинки билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын долбоорлорун иштеп чыгуу жөнүндө 2024-жылдын 17-сентябрындагы № 1441/1 буйругу.
3. Мамытов, А. Диагностика предметных компетентностей учащихся, обучающихся по стандартам нового поколения (5-6 классы). Монография. [Текст] / А, Мамытов, Г. Тагаева, Н. Ажыкулова. – Б.: Полиграфбумресурсы, 2021. – 224 с.
4. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы токтому менен бекитилген, № 393. [Электрондук ресурс]: https://online.toktom.kg/NewsTopic/6697.
5. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” 2023-жылдын 11-августунда № 179 кабыл алган мыйзамы. [Электрондук ресурс]: https: //cbd.minjust.gov.kg/112665/edition/1273902/kg
6. Концепция развития гражданской идентичности - Кыргыз жараны в Кыргызской Республике на период 2021-2026 годы. В редакции Указа Президента КР от 15 мая 2023 года УП № 124. [Электронный ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/430346/edition/1253187/ru
7. Манастын жети осуяты. [Электрондук ресурс]: https://vk.com/wall221675061_1155